*Иш № АД-1551/17мбс* *көчүрмөсү*

**Кыргыз Республикасынын атынан**

**Ч Е Ч И М**

2017-жыл 14-август Бишкек шаары

**Бишкек шаарынын райондор аралык соту**
курамында төрагалык кылуучу А.М. Эшалиев,
соттук отурумдун катчысы Б. Тулебердиеванын,

"Чагылган" сайтынын редактору жана "Мейкин Кей Джи" ЖчКнун директору Шамшыкеев Альберт Кубатбековичтин, Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын 2017-жылдын 6-июлундагы ишеним каты боюнча өкүлү М.А. Камчыбекованын, Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер О.Т.Бабановдун ыйгарым укуктуу өкүлү Э.Б.Ирискулбековдун катышуусунда,

"Чагылган" сайтынын редактору А.К.Шамшыкеевдин Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясына карата 2017-жылдын 9-августундагы №44 чечимин жокко чыгаруу жөнүндөгү арызы боюнча административдик соттук ишти карап,

**а н ы к т а д ы:**

"Чагылган" сайтынын редактору А.К.Шамшыкеев Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясына (Борбордук шайлоо комиссиясы) карата аталган комиссиянын 2017-жылдын 9-августундагы №44 чечимин жокко чыгаруу жөнүндөгү арызы менен Бишкек шаарынын райондор аралык сотуна кайрылган.

Анда доогер Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер Бабанов Өмүрбек Токтогуловичтин ыйгарым укуктуу өкүлү Э.Б. Ирискулбеков "Чагылган" маалымат сайты жарыялаган "Рабочая партия Курдистана Бабановду каржылашы мүмкүнбү?" деген аталыштагы макаласы боюнча Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясына арыз менен кайрылып, аталган сайттын аккредитациясын жокко чыгаруу маселесин койгондугун, жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы бул маселе боюнча жыйын өткөрүп, "Чагылган" маалымат сайтын аккредитациясынан ажыратуу боюнча чечим кабыл алгандыгын билдирип, бул чечим менен төмөнкү негиздер боюнча макул эместигин белгилеген.

Доогер өзүнүн арызында жогорудагы маселе комиссия тарабынан бир тараптуу каралды деп эсептейт. Анткени, бул арызды караган комиссиянын жумушчу эки тобуна "Республика – Ата-Журт" партиясынын Борбордук шайлоо комиссиясындагы өкүлдөр: Атыр Абдрахматова менен аталган партиядан 2010-жылы депутат болуп шайланган Назарали Арипов жетекчилик кылышып, маселени кароодо Бабановго ачыктан-ачык жан тартып, аталган макаланы улут аралык маселеге такашып, аккредитациядан ажыратууга өзгөчө салым кошушкан деп көрсөткөн.

Мындан сырткары, доогер, "Чагылган" сайты жарыялаган макалага эч кандай лингвистикалык экспертиза жүргүзүлбөгөндүгүн, бул макала "Чагылган" сайтына жарыялангана чейин Фейсбук жана башка социалдык тармактарда, аны менен катар бир нече сайттарга да жарыялангандыгын, ошондой эле "Rif taza" деп аталган курд улутундагы окурмандарга ылайыкташкан сайтка да ушул жылдын февраль айында "Курд по матери Омурбек Бабанов может стать будущим президентом Кыргызстана" деген аталышта, бирок



маниси боюнча "Рабочая партия Курдистана Бабановду каржылашы мүмкүнбү?" деген макалага үндөшкөн материал жарыяланганын, мындан сырткары, "Элита" сайты да "Кыргызстанды күрддөштүрүүгө каршы турушубуз керек!" деген аталышта макала чыгарганын белгилеп, жогорудагы жагдайлар Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан эске алынбай, бир тараптуу чечим кабыл алынгандыгын арызында белгилеген.

Соттук отурумда "Чагылган" сайтынын редактору жана "Мейкин Кей Джи" ЖчКнун директору А.К.Шамшыкеев келтирилген доо арызды толугу менен колдоп, Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын 2017-жылдын 9-августундагы №44 чечимин жараксыз деп табууну сурады.

Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын өкүлү жана Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер О.Т.Бабановдун ыйгарым укуктуу өкүлү келтирилген доону негизсиз деп эсептеп, аны канааттандыруудан баш тартууну өтүндү.

Сот, соттук иштин алкагындагы материалдарды изилдеп, тараптардын көрсөтмөлөрүн угуп, төмөндөгү тыянакка келди.

Соттук иштин материалдарынан белгилүү болгондой, Борбордук шайлоо комиссиясынын 2017-жылдын 5-июлундагы №209 – токтомунун негизинде 2017-жылдын 15-октябрында өткөрүлө турган Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү убагына бир катар маалымат каражаттары жана интернет булактары менен биргеликте "chagylgan.kg" интернет сайты да аккредитацияланган.

2017-жылдын 3-августунда Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер Ө.Т.Бабановдун ыйгарым укуктуу өкүлү Э.Б.Ирискулбеков Борбордук шайлоо комиссиясына "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо" жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүнүн талаптары бир катар массалык маалымат каражаттары тарабынан бузулгандыгы тууралуу арызы менен кайрылган.

Арызда арыз ээси 2017-жылдын 2-3-августунда "chagylgan.kg", "tikenek.org" сайттарында жайылтылган "Рабочая партия Курдистана Бабановду каржылашы мүмкүнбү?.." жана "Рабочая партия Курдистана" Бабановду кантип каржылап баштаган?..." деген аталыштагы материалдарын Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер Ө.Т.Бабановдун абийирине, ар намысына, ишкердик беделине шек келтирүүчү, чындыкка дал келбөөчү, билип туруп жалган маалыматтарга негизделген деп табууну, "chagylgan.kg", "tikenek.org" сайттарынын редакцияларын О.Т.Бабанов тууралуу интернет тармагында жайгаштырылган жогорудагы маалыматтарды алып салууну жана ал маалыматтардын чындыкка дал келбестиги тууралуу макалаларды жарыялоону милдеттендирүүнү, "chagylgan.kg" сайтынын аккредитациясын жокко чыгарып, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына аталган сайттардын жоопттуу кызматкерлерин тиешелүү жоопко тартуу талаптарын койгон.

Аталган арыз Борбордук шайлоо комиссиясынын Төрайымынын резолюциясынын негизинде Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоосун өткөрүүдө шайлоонун алдында үгүт иштерин жүргүзүү эрежелерин сакталышын контролдоо боюнча жумушчу топтун жана Шайлоо жана референдум өткөрүү учурунда шайлоочулардын, шайлоо процессиндеги башка субъектилердин арыздарын, даттанууларын карoo боюнча жумушчу топтун кароосуна берилген.

Жогорудагы жумушчу топтордун биргелешкен чечими (корутундусу) менен Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер Ө.Т.Бабановдун ыйгарым укуктуу өкүлү Э.Б.Ирискулбековдун арызынын "chagylgan.kg" сайтынын аккредитациясын чакыртып алуу жөнүндөгү бөлүгү канааттандырылып, кабыл алынган чечим Борбордук шайлоо комиссиясынын кароосуна берилген.

Борбордук шайлоо комиссиясынын 2017-жылдын 9-августундагы №44 чечими менен Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер Ө.Т.Бабановдун ыйгарым укуктуу өкүлү Э.Б.Ирискулбековдун арызынын "chagylgan.kg" сайтынын аккредитациясын

чакыртып алуу жөнүндөгү бөлүгү канааттандырылып, "chagylgan.kg" сайтынын аккредитациясы жокко чыгарылган. "chagylgan.kg", "tikenek.org", «argument.kg», «gezitter.org» сайттарында жарыяланган макалалар боюнча келип түшкөн материалдар Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына тиешелүү юридикалык баа берүү үчүн жөнөтүлгөн.

Соттук отурумда аныкталгандай Борбордук шайлоо комиссиясы аталган чечимди кабыл алууда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2017-жылдын 14-июнундагы №152-токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону даярдоо жана өткөрүү учурунда жалпыга маалымдоо каражаттарын жана интернет басылмаларды аккредитациялоо жөнүндөгү жобосунун 24-25-пункттарын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү Конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 5-пунктун жетекчиликке алуу менен "chagylgan.kg" интернет сайтында Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер Ө.Т.Бабанов тууралуу жайгаштырылган жогорудагы маалыматтар анын абийрине, ар намысына жана ишкердик беделине шек келтирүүчү, чындыкка дал келбөөчү, билип туруп, жалган маалыматтарга негизделип жайылтылган маалымат деген тыянакка келген.

Сот, Борбордук шайлоо комиссиясынын тыянак чыгарууда жогоруда карманган себебин, Конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 5-пунктуна көрсөткөн шилтемесин туура эмес деп эсептейт. Анткени, Ө.Т.Бабановдун ыйгарымдуу өкүлүнүн арызындагы "chagylgan.kg", "tikenek.org" сайттарында жайылтылган жогоруда аталган материалдар Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер Ө.Т.Бабановдун абийрине, ар намысына, ишкердик беделине шек келтирүүчү, чындыкка дал келбөөчү, билип туруп, жалган маалыматтарга негизделген материалдар деп табуу талабын кароо укугу Борбордук шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарын аныктаган Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндөгү мыйзамдын 7-беренесинде көрсөтүлгөн эмес.

Мындай талапты Президенттике талапкер Ө.Т. Бабанов Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 4-беренесинин негизинде жарандык тартипте тийиштүү сотко арыз менен кайрылууга укуктуу.

Сот отурумунда, "chagylgan.kg" интернет сайтында жайылтылган маалыматтар Ө.Т.Бабановдун абийрине, ар намысына жана ишкердик беделине шек келтирүүчү чындыкка дал келбөөчү, билип туруп жалган таратылган маалыматтар экендигин аныктаган мыйзамдуу күчүнө кирген соттун чечими жок экендиги аныкталды.

Ал эми Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 2-пунктусу боюнча мыйзам бузуулар аныкталса, ошол эле мыйзамдын 7-пунктуна таянып, талапкер, саясий партия, ошондой эле анын өкүлдөрү укук коргоо органдарына кайрылууга укуктуу экендигин сот белгилейт.

Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 12-беренесинин 1-пунктуна ылайык, сот, процесстин катышуучуларынын түшүндүрүүлөрү, билдирүүлөрү жана сунуштамалары, берилген далилдери жана иште болгон башка материалдар менен чектелбестен, талаш-тартышты туура чечүү үчүн мааниси бар иш жүзүндөгү бардык жагдайларды иликтейт.

Мындай жагдайда сот, Борбордук шайлоо комиссиясы Конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 1-пунктунун негизинде Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону даярдоо жана өткөрүү учурунда жалпыга маалымдоо каражаттарын жана интернет басылмаларды аккредитациялоо жөнүндөгү жобосунун 24-25-пункттарын жетекчиликке алып, "chagylgan.kg" интернет сайтында 2017-жылдын 3-августунда жарыяланган талаш жараткан макаланы үгүт мүнөзүндөгү маалыматтар деп да сыпаттап, шайлоо алдындагы үгүт иштери расмий башталa электе үгүт иштери менен алектенип, шайлоо жөнүндөгү мыйзамдарды одоно бузду деген тыянак менен аккредитациясын жокко чыгара алат деп



эсептейт. Анткени, Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү Конституциялык мыйзамдын 23-беренесинин 1-пунктуна ылайык шайлоо алдындагы үгүт бардык талапкерлерди, талапкерлердин тизмелерин каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн тартып башталат жана добуш берүү башталганга 24 саат калганда токтойт деп көрсөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү Конституциялык мыйзамдын 11-беренесинин 4-5-пункттарына ылайык, жалпыга маалымдоо каражаты шайлоо мыйзамдарын бузган учурда, Борбордук шайлоо комиссиясы анын аккредитациясын чакыртып алууга укуктуу. Жалпыга маалымдоо каражатынын өкүлүнүн шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилиндеги иштери шайлоо мыйзамдары менен жөнгө салынат деп белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2017-жылдын 14-июнундагы №152-токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону даярдоо жана өткөрүү учурунда жалпыга маалымдоо каражаттарын жана интернет басылмаларды аккредитациялоо жөнүндөгү жобосунун 21-пунктуна ылайык, аккредиттацияланган жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалар жана/же алардын өкүлдөрүнүн милдеттеринин ичинде шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүү учурунда шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүү эрежелерин сактоого, жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигин кыянаттык менен пайдаланууга жол бербөөсү көрсөтүлгөн.

Мындан сырткары, жогорудагы Жобонун 22-23-24-25-пункуттарында төмөндөгүлөр белгиленген: жалпыга маалымдоо каражаты, интернет-басылма жана/же алардын өкүлдөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын бузган учурда Борбордук шайлоо комиссиясы жалпыга маалымдоо каражатынын, интернет-басылманын жана/же алардын өкүлдөрүнүн аккредитациясын кайра чакыртып алууга укуктуу.

Жалпыга маалымдоо каражатынын, интернет-басылманын жана/же алардын өкүлдөрүнүн аккредитациясы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана аталган Жобонун талаптары бузулган учурда жокко чыгарылышы мүмкүн.

Жалпыга маалымдоо каражатынын, интернет-басылманын жана/же алардын өкүлдөрүнүн аккредитациясын кайра чакыртып алуу жөнүндө чечимди Борбордук шайлоо комиссиясы кабыл алат.

Мындай жагдайда сот, Борбордук шайлоо комиссиясынын талаш жараткан чечими Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кабыл алынган деп эсептеп, "Чагылган" сайтынын редактору А.К.Шамшыкеевдин талабын жана келтирген жүйөлөрүн негизсиз деп таап, арызын канааттандыруудан баш тартат.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 44-беренесин, Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 171-175-203-беренелерин жетекчиликке алып, сот

**чечим кылат:**

"Чагылган" сайтынын редактору А.К.Шамшыкеевдин Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын 2017-жылдын 9-августундагы №44 чечимин жокко чыгаруу жөнүндөгү арызын канааттандыруудан баш тартылсын.

Чечим 3 күндүк мөөнөт ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кассациялык тартипте даттанылышы мүмкүн.

**Төрагалык кылуучу** **А. Эшалиев**